«БЕКИТЕМИН»
Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер академиясынын
Саясий изилдөөлөр жана экспертиза
Борборунун директору,
ю.и.д. профессор, КР УИА
корреспондент мүчөсү
Арабаев Ч.И.

«7» декабрь 2020ж.

**12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укугу, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдер доктору илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн Джумалиев Данияр Сардарбековичтин «Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспекттер» темадагы диссертациясына жетекчи уюм Улуттук Илимдер Академиясынын Саясий изилдөөлөр жана экспертизалар борборунун мамлекет жана укук бөлүмүнөн**

# ПИКИР

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу**

Бүгүнкү күндө мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү алкагында эл аралык жана улуттук мыйзамдардын ара катыш көйгөйүн анализдөө зарылдыгы эл аралык укуктун жана жана эл аралык келишимдердин жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин ролу тууралуу маселени чечүүгө карата болгон жаңы мамилелерди издөө үчүн гана эмес, ошондой эле ички мамлекеттик укуктун субъекттерине – эл аралык-укуктук ченемдердин ишке ашыруусуна катышкан мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына зарылдыгы менен коштолот.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына далкелүү жагынан кененирээк изилдениши керек, өзгөчө мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн эволюциясына таасир эткен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдардын жана мамлекеттик органдардын тутумунун тигил же бул элементтердин орнотулушунун өзгөчөлүктөрү кеңири изилденилиши керек.

**2. Диссертацияларга карата «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын жана «Окумуштуулук**

**даражаны изденүүгө коюлган диссертацияларга талаптар жана баалоо критерийлердин» II бөлүмүнүн чегиндеги илимий натыйжалар**

Эмгекте төмөнкү жаңы илимий негизделген теоретикалык натыйжалар берилген:

1. Муниципалдык башкаруунун дуализм теориясын колдонуусунун тажрыйбалык маанилүүлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз алдынча жана өзүнүн жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү укугун таануу мүмкүндүгүндө жатат жана ошол эле убакта жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүүдө мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын камтыган жалпы бийликтин бирдиктүү тутумдун чегинде аракеттенүү мүмкүнчүлүгү негизделет.
2. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүү алкагында улуттук жана эл аралык мыйзамдардын анализин негизинде, диссертантын пикири боюнча, төмөнкү мыйзам жактан бекителе турган принциптерге, тагыраак айтканда, максатка ылайыктуулук, мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын алардын компетенцияларынын чегиндеги өз алдынчалык, тең укуктуулук, башка муниципалдык түзүмдөрдүн кызыкчылыктарын кысууга мүмкүнчүлүк бербөө, кызыкчылыктарды макулдашуу, ресурстарды камсыздоо, өз ара жоопкерчилик принциптерине негизделиниши керек.
3. Укук-ченемдик актылардын анализинин негизинде мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүнүн конституциялык жана эл аралык-укуктук принциптердин классификацисы сунушталат.
4. Мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын ортосундагы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды ажыратуу маселедеги ачык эместиктер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетинин так стандарттардын жоктугу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көптөгөн уюштуруучу жана финансылык көйгөйлөрдүн себеби экендиги негизделет.
5. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарды уюштуруу жана алардын иш-аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери алардын ыйгарым укуктарына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдө алардын өз ара аракеттенүүсүнө терс таасир тийгизгени негизделет.
6. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын эл аралык укукка дал келүүсүн камсыздоонун заманбап мамлекеттик каражаттарынын начар эффективдүүлүгү тууралуу жыйынтык айтылат, ошондой эле алардын, өзгөчө мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүү алкагындагы аракеттүүлүгүн жогорулатуу тууралуу сунуштар айтылат.

7. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн ишке ашыруунун эл аралык тажрыйбасын, механизмдерин жана ыкмаларын изилдөөнүн негизинде мамлекет жактан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таасир этүү өз ара байланыштуу формалары бөлүнүп чыгарылган жана тутумдаштырылган.

8. Эл аралык практиканын укуктук анализинин негизинде жергиликтүү бюджеттердин өз алдынчалыгын камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзүнүн кирешелерин жана чыгымдарын пландаштырууда мүмкүнчүлөктөрүн кеңейтүүсүн, жергиликтүү бюджеттерди финансылык ресурстардын негизделбеген азайтуусунан сактоосун камсыз кыла турган жергиликтүү бюджеттердин кирешелерде өзүлөрүнүн кирешелеринин конкреттүү тизмегин жана өлчөмүн мыйзам тараптан аныкталышы маанилүү экендиги негизделинет.

9. Азыркы убакта мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын өз ара жоопкерчилиги жөнүндө ченемдери жок экендиги ачып көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге, биздин көз карашыбыз боюнча, мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теңдик тууралуу конституциялык принцибинен алардын өз ара жоопкерчилигинин болуу мүмкүндүгү келип чыгат. Жоопкерчиликтин эки жактуулук мүнөзү мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун байланышынын эки жактуулук мүнөзү менен аныкталат.

10. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча максатка багытталган чаралардын комплексин жүргүзүү керектиги сунушталат. Мисалы, көптөгөн укуктук ченемдер бир бирине карама-каршы болгонуна себептүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын жана мамлекеттик бийлик органдардын иш аракетин жөнгө салуучу мыйзам чыгаруу актыларына өзгөрүүлөрдү киргизүүнүн жөнү бар.

**3. Изденүүчү тарабынан диссертацияда түюнтулган ар бир илимий натыйжанын (илимий жобонун), корутундулардын жана тыянактын негизделишининин жана анықтыгынын даражасы**

**1-натыйжа.** Негизделген жана анык, анткени мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү алкагындагы теоретикалык иштеп чыгаруулардын анализине таянат.

**2-натыйжа.** Негизделген жана анык, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин жана эл аралык ченемдеринин анализине таянат.

**3-натыйжа.** Негизделген жана анык, анткени ммлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз ара башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу укук-ченемдик базанын изилдөөсүнө таянат.

**4-натыйжа**. Негизделген жана анык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык өз алдынчалыгын камсыздоо алкагында укук ченемдерин изилдөөнүн негизине таянат.

**5-натыйжа**. Чет элдик мамлекеттердин тажрыйбасынын жана тийиштүү ченемдик базанын анализинин негизинде негизделген жана аныкталган.

**6-натыйжа**. Негизделген жана анык, анткени чет элдик мамлекеттик тажрыйбанын анализинде негизделген.

**7-натыйжа**. Чет элдик тажрыйбанын жана укук колдонуучу тажрыйбанын анализинде негизделген жана анык.

**8-натыйжа.** Негизделген жана анык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык иш-аракетинин чегиндеги укук-ченемдик анализинин негизине таянат.

**9-натыйжа.** Негизделген жана аныкталган, анткени чет элдик мамлекеттердин тажрыйбасынын анализине жана ченемдик актылардын изилдөөсүнө таянат.

**10-натыйжа.** Негизделген жана аныкталган, анткени укук колдонуучу иш-аракетинин анализине негизделген.

**4. Изденүүчү тарабынан диссертацияда туюнтулган ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун), корутундулардын жана тыянактын жаңылыгынын даражасы**

**1-натыйжа.** Жарым-жартылай, анткени мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү маселелери башка авторлордун изилдөөлөрүнүн предмети болгон.

**2-натыйжа.** Жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүндө келип чыккан принциптерди бекитүү сунушталат.

**3-натыйжа.** Жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүдө эл аралык принциптердин классификациясы жана алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитүүсү сунушталат.

**4-натыйжа.** Жарым-жартылай, эл аралык тажрыйбанын укуктук анализинин негизинде жергиликтүү бюджеттердин өз алдынчалыгын камсыздоо үчүн мыйзам тарабынан жергиликтүү бюджеттин кирешелеринде өз кирешелердин конкреттүү тизмеги жана өлчөмү аныктоо маанилүү экендиги негизделет.

**5-натыйжа.** Жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарды уюштуруу жана алардын иш-аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери алардын ыйгарым укуктарына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдө алардын өз ара аракеттенүүсүнө терс таасир тийгизгени негизделет.

**6-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени мурда башка авторлор тарабынан мамлекттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү тутумун кароо аракет жасалган.

**7-натыйжа.** Жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн ишке ашыруунун эл аралык тажрыйбасын, механизмдерин жана ыкмаларын изилдөөнүн негизинде мамлекет жактан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таасир этүү өз ара байланыштуу формалары бөлүнүп чыгарууну жана жана тутумдаштырууну сунуштайт.

**8-натыйжа.** Жаңы, анткени автор биринчи ирет тийиштүү бюджеттин кирешелеринде өздүк кирешелердин конкреттүү тизмесин, өлчөмүн жана деңгээлин белгилөөнү сунуштайт.

**9-натыйжа.** Жаңы, азыркы убакта мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызматчы адамдарынын өз ара жоопкерчилиги жөнүндө ченемдер азыркы убакта жок.

**10-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени мындан мурда башка изилдөөчүлөр тарабынан да мыйзамдардагы кемчиликтер белгиленген, алар эскирген, мааниси жагынан бири бирине карама-каршы болуп турушат, ал эми жаңылары ишке ашыруу механизмдерине ээ эмес.

**5. Теория жана практика үчүн илимий натыйжалардын маанилүүгү, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу тууралуу сунуштамалар**

Изилдөөнүн алынган натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси анын Кыргыз Республикасынын азыркы убактагы өнүгүшүнүн шарттарында ммлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү алкагында актуалдуу маселелерди чечүүгө багытталганы менен аныкталат.

Жалпысынан алганда, изилдөөнүн тажрыйбалык мааниси диссертациядагы айтылган жыйынтыктар жана сунуштамалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик бийлик алкагындагы колдонуудагы улуттук мыйзамдарды жана эл аралык мыйзамдарды мыктылоодо колдонууга мүмкүн экендигинде камтылат.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары "Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу", "Муниципалдык укук", "Эл аралык укугу" курстары боюнча сабактарын окутууда колдонууга болот.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна далкелүүсү**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен далкелет, анын негизги жоболорун чагылдырат, Кыргыз Республикасынын ЖАК талаптарына ылайык толугу менен аткарылган. Анда негизги максаттар жана маселелер, диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар камтылат. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде бирдей болгон резюмени камтыйт. Автореферattын мазмуну жана басылмалар диссертациинын мазмунуна ылайык келет.

**7. Диссертациянын мазмуну жана жасалгалоо боюнча кемчиликтер**

Жалпысынан, Д.С.Джумалиевдин диссертациясын баалап жатып, кээ бир кемчиликтерин жана талаш жактарын да белгилеп кетүү керек:

1. Башка мамлекеттердин, мисалы, Казахстан, Узбекистан ж.б. мамлекеттердин мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүү боюнча мыйзамдарды карап, салыштырмалуу анализди кененирээк жүргүзсө болмок.

2. Диссертацияда эмгектин мазмунун жогорулата турган статистикалык маалыматтар азыраак.

3. Диссертацияда тамга терүү менен байланышкан орфографиялык каталар кездешет.

Бирок бул кемчиликтер сунуштама катары айтылат жана жалпы жонунан диссертациялык эмгектин баалуулугун эч төмөндөтпөйт.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын басмага чыккандыгынын ырастоосу**

1. Джумалиев Д.С. Правовые основы организации и деятельности органов местного самоуправления Кыргызской Республики [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Национальной академии наук Кыргызской Республики. №1, 2013. – С.141-144.
2. Джумалиев Д.С. Представительные органы местного самоуправления как ключевые элементы формирования системы органов местного самоуправления в Кыргызской Республике [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Национальной академии наук Кыргызской Республики. №1, 2013. – С.144-147.
3. Джумалиев Д.С. Общие теоритические аспекты местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии № 1, 2014. – С.48-50.
4. Джумалиев Д.С. Принципы местного самоуправления Кыргызской Республики [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 1, 2014. – С.50-53.
5. Джумалиев Д.С. Проблемы систематизации нормативно-правовых актов органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 2, 2014. – С.79-82.
6. Джумалиев Д.С. Система норматихных правовых актов муниципального образования: состояние, проблемы и перспективы развития [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 2, 2014. – С.82-84.
7. Джумалиев Д.С. Муниципальная власть [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 4, 2015. –С. 21-23.
8. Джумалиев Д.С. Понятие и принципы местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 2, 2015. – С.22-25.

9. Джумалиев Д.С. Модели взаимоотношений государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 3, 2016. – С. 47-51.
10. Джумалиев Д.С. Проблемы в построении эффективной модели взаимоотношений государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник" Кыргызской государственной юридической академии. № 3, 2016. – С. 51-54
12. Джумалиев Д.С. Проблемы, препятствующие эффективному осуществлению деятельности органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Вестник Кыргызской государственной юридической академии. № 2, 2017. – С. 63-68
13. Джумалиев Д.С. Роль международно-правовых актов в становлении института местного самоуправления в Кыргызской Республике [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 8, – 2017. – С. 47-50
14. Джумалиев Д.С. Пути повышения эффективности взаимодействия государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 8, – 2017. – С. 51-54
15. Джумалиев Д.С. Государственная власть и местное самоуправление в системе осуществления власти [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 9, – 2017. – С.73-76
16. Джумалиев Д.С. Проблемы взаимодействие органов государственной власти и органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 9, – 2017. – С. 77-80
17. Джумалиев Д.С. Основные теории возникновения органов местного самоуправления и государственной власти [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 10, – 2017. – С. 187-189
18. Джумалиев Д.С. Правовая природа возникновения органов государственной власти и органов местного самоуправления в зарубежных странах [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 10, – 2017. – С.190-193
19. Джумалиев Д.С. Имплементация норм международного права в формах воздействия государство на местное самоуправление [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 11, – 2017. – С.86-88
20. Джумалиев Д.С. Проблемы соотношения норм международного права и национального законодательство в процессе взаимодействия самоуправление [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 11, – 2017. – С.88-90
21. Джумалиев Д.С., Апышев А.А. Правовое регулирование взаимотношений между республиканским и местными бюджетами Кыргызской Республики [Текст] / Д.С. Джумалиев, Апышев А.А. / Вестник

Таджикского национального университета. Серия социально-экономических и общественных наук. – № 2/8, – 2017. – С. 272-274.
22. Джумалиев Д.С., Апышев А.А. Некоторые вопросы правового регулирования муниципальной собственности на землю в Кыргызской Республике [Текст] / Джумалиев Д.С., Апышев А.А. / Вестник Таджикского национального университета. Серия социально-экономических и общественных наук. – № 2/9, – 2017. – С. 237-240.

**9. Диссертациянын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун” талаптарына далкелүүсү**

Жыйынтыктоо сөз катары, Д.С.Джумалиевдин «**Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспекттер»** темадагы диссертациясы жетишерлик жогорку илимий-теоретикалык деңгээлде жазылгандыгын белгилеп кетүү керек, тажрыйбалык мааниси зор, илимий жаңылчылыгынын тийиштүү жактары бар, олуттуу теоретикалык тыянактарды жана колдоло турган практикалык сунуштамаларды камтыйт.

Юридикалык илимдер доктору илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн Джумалиев Данияр Сардарбековичтин диссертациялык изилдөөсү “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобонун II бөлүмүнүн талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укугу, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдер доктору илимий даражасын ыйгарылышына татыктуу.

Берилген баа Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Саясий изилдөөлөр жана экспертизалар борборунун мамлекет жана укук бөлүмүнүн отурумунда талкууланды жана бекитилди. (№ 8 Токтом «7 » декабрь 2020 ж.).

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук Илимдер Академиясынын**
**Саясий изилдөөлөр жана экспертизалар**
**борборунун мамлекет жана укук**
**бөлүмүнүн башчысы,**
**юридика илимдеринин доктору,**
**улук илимий кызматчы** **Токтогулов А.А.**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий
№ 11-1-2/102 от « 07 » 12 2020 г.